DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Шерматова Ж.Р.*

# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮ ЖАНА АНЫН БАЙЫРКЫ ЖАНА ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ НОРМАТИВДҮҮ-УКУКТУК СИСТЕМАСЫ

*Шерматова Ж.Р.*

# КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННОСТЬ И ЕЕ НОРМАТИВНО-ПРАВОВАЯ СИСТЕМА В ДРЕВНОСТИ И СРЕДНЕВЕКОВЬЕ

*J.R. Shermatova*

# KYRGYZ STATEHOOD AND ITS LEGAL SYSTEM IN ANTIQUITY AND THE MIDDLE AGES

*УДК: 9.93*

*Берилген макалада б.з.ч. III к. аягындагы кыргыздардын социалдык жана укуктук абалы, Хунндарга баш ийүүсү жана мамлекеттик түзүлүшү, мамлекеттик башкаруу органдары, укуктары болгон кылмыш-жаза укугу, үй-бүлө укугу, салык укугу, аскер укугу ж.б. укуктар каралат. Аларды уруу башкаруучулары башкарган. Ар бир уруунун аскер кошууну болгон. Уруу журттарга (группаларга) бөлүнгөн. Журттар үй-бүлөлөрдүн турган. Кытай булактарында аларды «бүлө» деп белгилеп жазышкан. Хунндардын үй-бүлөлөрү патриархалдык мүнөздө болгон. Эркектердин эки жана андан ашык аялдары болгон. Эркектер башка уруунун кыздарына үйлөнүшкөн. Левират салты сакталган. Алдын ала кылмыштын эки түрү: менчикке каршы (бирөөнүн мүлкүн урдоо, каракчылык кылуу) жана инсанга каршы (өлтүрүү максатында козголоң кылуу, көтөрүлүшкө чыгышы) болгон. Теңирдин бийлиги күч алган мезгилинде кылмыштын жаңы түрлөрү пайда болгон: мамлекеттин кызыкчылыгына каршы (көтөрүлүштөр, башкаруучуну өлтүрүү максатында козголоңу) жана аскер кылмыштары. Кылмыш жасалгандан кийин он күндүн ичинде аксакалдар кеңеши өзүнүн чечимин чыгарышкан. Кээ бир учурда кылмышкердин бүт үй-бүлө мүчөлөрү жоопко тартылышкан. Жазаларга: өлүм жазасы, бетине так коюу, кылмышкердин менчигин тартып алуу эсептелген. Негизинен уруулук жасагандар өзүнүн менчигинен ажыраган, ал эми чоң эмес кылмыш жасалгандардын бетине так коюлган.*

***Негизги сөздөр:*** *мыйзам, мамлекет, түзүм, кылмыш, салык, бажы, аскердик укуктар.*

*В данной статье рассмотрен вопрос социального и правового положения кыргызов в III до н.э., подчинение Хуннам и государственное устройство, органы государственного управления, права: уголовное, семейное, налоговое, военное и др. Возглавляли кыргызов ажо. Каждое племя возглавлял представитель военной знати. Представители были подразделены на группы. Журты состояли из семейств. В китайских источниках их называли «бүлө». Семьи гуннов были патриархальными. У мужчин было две и более жен. Мужчины женились на девушках других племен. Традиция левирата сохранилась. Умышленные преступления были двух типов: имущественные (кража, грабеж) и убийства (подстрекательство к убийству, восстание). Во время подъема правления Тенира возникли новые формы преступности: преступления против интересов государства (восстания, восстания с целью убийства правителя) и военные преступления. В течение десяти дней после совершения преступления совет принимал решение. В некоторых случаях к уголовной ответственности привлекались члены семьи преступников. Наказания включали смертную казнь, разоблачение и конфискацию имущества. В целом преступники из племени теряли свою собственность, а мелкие преступники становились жертвами.*

***Ключевые слова:*** *право, государство, структура, преступление, налог, обычай, воинские права.*

*This article discusses the issue of the social and legal status of the Kyrgyz in III BC, the subordination of the Huns and the state structure, government bodies, rights: criminal, family, tax, military, etc. The Kyrgyz were headed by ajo. Each tribe was headed by a representative of the military nobility. The representatives were subdivided into groups. The journeys consisted of families. In Chinese sources they were called «bulo». The families of the Huns were patriarchal. The men had two or more wives. The men married the girls of other tribes. The tradition of the levirate has been preserved. Intentional crimes were of two types: property (theft, robbery) and murder (incitement to murder, rebellion). During the rise of Tenir's rule, new forms of crime arose: crimes against the interests of the state (uprisings, uprisings to kill the ruler) and war crimes. Within ten days of the crime, the council made a decision. In some cases, family members of criminals were prosecuted. Punishments included the death penalty, exposure and confiscation of property. In general, tribal criminals lost their property, and petty criminals became victims.*

***Key words****: Key words: law, state, structure, crime, tax, custom, military rights.*

Кыргыздар б.з.ч. III к. аягында болгондугун, алар ээлик кылган жерлер бар экендигин билебиз. «Кыргыз» деген этноним түбү түрк тамырынан тараган азыркы элдердин ысымдарынын эң байыркысы болуп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



саналат. «Кыргыз» этнонимин чечмелөөдө элдик вариант (элдик этимология) менен илимий вариант бири-биринен кескин айырмаланат. Түрк тилинде улуттардын тарыхын бир кыйла терең изилдеген Мухаммед Абулгазы Баатырхан (1603-1664жж.) - Хива ханы жана көрүнүктүү тарыхчы өзүнүн «Түрк санжырасы» деген атактуу чыгармасында огуздар анын бир тармагы деп аталган кыргыздардын тарыхы жөнүндө көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүп келип, кыргызды Огуз хандын небереси деп жазган. Элдик этимологиянын үлгүлөрү кытайлык «Юан ши» («Юань сулалеси тарыхы») эмгегинде (XVI к.) кытайлык кырк кыз менен Түндүктөгү Ус өрөөнүнүн калкынын урпагы – кыргыздар деп жазганы көрүнөт. Ал эми ферганалык Сейф ад-Дин Ахсыкендинин (XVI к.) маалыматында болсо Султан Санжар Чыгыш Ферганага кол салганда (XII к.) өзгөндүк кырк Огуз Кожентке (Түндүк Таджикстанга) качып барып баш калкалашып, алардан кыргыздар келип чыккан деген уламыш жазылган.

Тарыхта хунндар Борбордук Азияны мекендеген түрк тилдүү элдердин ата-бабаларынан болуп эсептелет. Б.з.ч. IIIк. хунндар коңшу элдерди басып алуу менен өзүнүн варвардык мамлекетин түзүшкөн. Мамлекетте аскердик демократиялык түзүлүш орногон. Тарыхый булактарда б.з.ч. IX к. *Туман* деген падышанын башкарып тургандыгы жөнүндө маалыматтар берилет. Анын эки баласы болгондугу жана *Модун* деген чоң баласынын бийликти тартып алгандыгы тууралуу маалыматтар берилет. Б.з.ч. 209-ж. Модун *шаньюй*дүн башкаруусунда мамлекетин гүлдөгөн мезгили болгон. Хунн мамлекетинин территориясы чыгыштан Тынч океандан, түндүктө Лена, Байкал, Енисей дарыяларынын ортоңку агымынан, түштүктө Улуу Кытай сепилине чейин, түндүк-батыштан Алтайдын батыш тарабына, түндүк-чыгышта Каспийге чейин, түштүк-батышта Индостандын түндүгүнө чейин жана түндүктө Иранга чейин созулган территорияны камтыган. Модун башчылык кылган мезгилде мамлекеттин борбору *Таңри-Балык* (Монголиянын ички тарабында) шаары болгон. Кийинчерээк хунндар борборду Орхондун чыгыш тарабындагы *Хошо-Сайдам* шаарына көчүрүп кетишкен. Б.з.ч. 265-ж. хроникаларда падышалар *«шаньюй»* жана «*теңиркут*» деген эки титулду алып жүрүшкөн. *Теңиркут* (падыша) менен *Алчи* (теңиркуттун аялы) борбор шаардын ордосунда орун алып жашашкан.

Хунндардын социалдык абалынын структурасын толугу менен сүрөттөп берүүгө болбойт, анткени тарыхый булактарда бул жөнүндө маалыматтар аз сакталган. Хунндардын үстүнөн негизинен *төрт* аристократтык уруу башкарып турган. Алардын эң ириси *Люаньди* болгон. Модун теңиркуттун башкаруу мезгилинде (кытай булактарында) *хойань, лань, суйбу* негизги уруулары болуп, Моден болсо Люаньди уруусунан чыккан деп билдирет. Люаньди уруусунан чыккан падышалар өздөрүнүн асыл тукумун сактап калуу үчүн калган үч уруунун падышаларынын кыздарын алышкан. Төмөнкү социалдык катмарды хунндарга багынган уруулар түзгөн. Алар хунндарга салыктарды төлөп турушкан. Эгер салыктар кечигип берилсе, анда ошол уруунун башкаруучусунун башы алынган. Карыз болуу өтө коркунучтуу болгон. Анткени хунндар балдарды, аялдарды туткундап алып кетишчү. Ал эми аларды бошотуп алуу үчүн чоң төлөм берүү зарыл болгон. Хунндарда кулчулук кеңири тараган. Кулдар отурукташкан элдерде көп кездешкен. Кулдар болуп чет элдерден туткун болуп келгендер эсептелген. Кулдар каналдарды, курулуштарды курууда катышышкан. Алардын так абалы түшүнүксүз.

Модун падышасынын алдында мамлекетте көптөгөн өзгөрүүлөр болгон. Мамлекетте аскердик демократия орнотулган. Шаньюйдүн бийлиги кудай менен теңдештирилген. Падышанын бийлиги мураска өтүп турган. Теңиркут чексиз укуктарга ээ болгон:

1) Хунндарга тиешелүү болгон бүт территория менен каалагандай пайдалануу;
2) Согуш жарыялоо же тынчтык түзүү;
3) Тышкы саясатты каалагандай жүргүзүү;
4) Өзүнө баш ийген адамдын өмүрүнө каалагандай мамиле жасоо.

Мамлекетте өзүнүн укуктарын ишке ашырып, төмөнкү функцияларды аткарган:

1) мамлекеттин территориясын коргоо;
2) аскерлерди жеке башкаруусу;
3) тышкы саясатты өзү багыттап туруусу;
4) жогорку соттун функцияларын аткаруусу.

Мамлекетти башкарууда шаньюй ак сакалдардын кеңешине таянган. О.э. башкаруучу уруудан чыккан эң жакынкы саналуу адамдар жана уруулардан дайындалган *алты* жардамчысы менен бийлик жүргүзгөн. Падышаны көп сандаган жардамчылар, кеңешчилер, аскер жетекчилер курчап турган. Акыркы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



сөз ар дайым падышадан чыккан. Мамлекеттик системаны калыбына келтирүү үчүн Модун 20 тепкичтен турган мамлекеттик кызматтарды түзгөн. Мамлекеттик башкаруу органдары дуалдуу (эки окшош түрү) системада болгон.

1) сол канаттын *Билге ханы* жана оң канаттын *Билге ханы*.

2) *Ябку* (негизги кеңешчи вазир).

3) Сол канаттын *ил кусайы* жана оң канаттын *ил кусайы*.

4) Сол канаттын *кутигусу* жана оң канаттын *кутигусу*.

5) Сол канаттын *улуу сангуну* жана оң канаттын *улуу сангуну*.

6) Сол канаттын *улуу тутук беги* жана оң канаттын *улуу тутук беги*.

7) Сол канаттын *улуу ганза беги* (казначей) жана оң канаттын *улуу ганза беги*.

*8) Батисхан.*

9) *Туман беши* (он миңдик аскердин жетечиси)

*10) Миңдик*

*11) жүздүк*

*12) ондук.*

Мамлекетти башкарууда, ички жана тышкы саясатты жүргүзүүдө сол канаттын ябгусуна, кутигуга жана оң канаттын кутигусуна кайрылган.

Акыркы тепкичтерде турган башкаруучулар негизинен үч (гоян, лан, шабу) уруунун өкүлдөрүнөн дайындалган. Хунндардын падышалары ушул үч уруунун башкаруучуларынын кыздарына үйлөнүшкөн.

Хунндардын саясий түзүлүшү татаал болгон. Мамлекете *төрт област* болгон. Анын борборунда *тенир* жайланышкан. Калган областарды балдары башкарышып, сол канаттын Билге ханы жана оң канатын Билге ханы деген титулдарды алып жүрүшкөн. Сол канаттын Билге ханы теңиркуттун *чыгыш* областарын башкарган. Анын ордосу *Керулен* дарыясынын (Монголиянын чыгышындагы) жогорку агымы тарабында жайланышкан. Сол Билге хандын территориясы Тынч океандын жээктерине чейин жеткен. Оң канаттын Билге ханы мамлекеттин *батыш* тарабын башкарган. Анын ордосу *Кобдо-Улясуйтай* районунун Хангай тоолуу тармактарында жайланышкан.

Батис хан чоң бийликке ээ болгон. Ал төртүнчү областы башкарган.

Теңиркут *24* бөлүккө бөлүнгөн (уруулар, группалар). Аларды уруу башкаруучулары башкарган. Ар бир уруунун аскер кошууну болгон. Уруу журттарга (группаларга) бөлүнгөн. Журттар үй-бүлөлөрдөн турган. Кытай булактарында аларды *«бүлө»* деп белгилеп жазышкан.

Уруу башкаруучулары белгилүү территорияны башкарып, белгилүү титулду алып жүрүшкөн. Көпчүлүк убакта аларды *темниктер* деп же б.а. *он миң аскердин жетекчиси* катары белгилеген. Кытай тарыхчысы Сыма Цяндын маалыматтары боюнча 24 башкаруучунун бир нече миң жоокерлеринен он миңге жакын жоокерлери болгон. Темникти теңиркут гана бийликтен алган жана дайындаган. Темниктерге берилген жерлердин территориясына караганда ал жерде жашаган калктын саны көбүрөк кызыктырган. Кытай тарыхчысы Фань Е айтуусу боюнча төрт белгилүү начальниктер *«төрт мүйүз»* деп аталып өздөрүнө жараша титул алып жүрүшкөн: оң канаттын *сян-ваны*, сол канаттын *сян-ваны*, сол канаттын *лули-ваны* жана оң канаттын *лули-ваны*. Жылына үч жолу начальниктер шаньюйдүн ордосуна чогулуп, асманга, жерге, арбактарга курмандык чалууларды жүргүзүп, белектерди алып келишкен. Негизинен күзүндө чогулушкан жана түшүмдү, малдын санын эсептеп чыгышчу. Бул аларга салык жыйноого керектүү маалыматтар болгон.

Калктын курал кармаган адамы аскер мөөнөтүн өтөөгө милдеттүү болгон. Ар бир хунндун эркек жигиттери жоокер болгондуктан аскер кызматынан баш тартуу кылмыш катары эсептелип, өлүм жазасы менен жоопко тартылган. Аскерлер тумендерге бөлүнгөн. Алар өз кезегинде миңдиктерге, жүздүктөргө, ондуктарга бөлүнүшкөн. Хунндардын атчан аскерлери 40 тумендерге бөлүнгөн. Жалпылап айтканда, *төрт жүз миң* атчандар болгон анын 44 миңи 440 адамы башкаруучу орундарда турушкан.

Укук. Хунндардын негизги укук булактары болуп, адат-салттар эсептелген. Ата-бабалардан урпактарга өтүп канондорго айланган.

Хунндардын үй-бүлөлөрү патриархалдык мүнөздө болгон. Эркектердин эки жана андан ашык аялдары болгон. Эркектер башка уруунун кыздарына үйлөнүшкөн. Левират салты сакталган.

Алдын ала кылмыштын эки түрү: *менчикке каршы* (бирөөнүн мүлкүн урдоо, каракчылык кылуу) жа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



на *инсанга каршы* (өлтүрүү максатында козголоң кылуу, көтөрүлүшкө чыгышы) болгон. Теңирдин бийлиги күч алган мезгилинде кылмыштын жаңы түрлөрү пайда болгон: *мамлекеттин кызыкчылыгына каршы* (көтөрүлүштөр, башкаруучуну өлтүрүү максатында козголоңу) жана *аскер* кылмыштары. Кылмыш жасалгандан кийин он күндүн ичинде ак сакалдар кеңеши өзүнүн чечимин чыгарышкан. Кээ бир учурда кылмышкердин бүт үй-бүлө мүчөлөрү жоопко тартылышкан. Жазаларга: өлүм жазасы, бетине так коюу, кылмышкердин менчигин тартып алуу эсептелген. Негизинен уруулук жасагандар өзүнүн менчигинен ажыраган, ал эми чоң эмес кылмыш жасалгандардын бетине так коюлган.

VI к. Энесайдагы кыргыз уруу бирикмелеринен *Хягас* деп аталган кыргыз мамлекети түзүлгөн. 554-555-жж. Энесай жерлерин түрк башкаруучусу *Мухан* каган басып ээлеп алган. Кыргыздар бул мезгилде аз сандуу болуп, аскерлери начар куралданган эле. VI-VII кк. Кыргыздар көз карандык эместикти сактап калуу үчүн күрөштөрдү жүргүзүп келишкен. 630-ж. кыргыздар Түрк кагандыгынан көз каранды эместикке жетишет, бирок бул көпкө созулган эмес. Кыпчактардын ата-бабалары болгон *Йенчү Бильге* башчылык кылган *сир (сеяньто)* уруулары Түрк каганатынын чыгыш тараптарын жана кыргыздардын жерлерин ээлеп алышат. Кыргыздардын үстүнөн башкарып туруу үчүн Бильге каган өзүнүн наместнигин *эльтеберди* жиберет.

646-ж. уйгурлар тарабынан сирлер талкаланып баштаганда кыргыздар күч ала башташкан. 648-ж. кыргыздар биринчи жолу Кытайга өздөрүнүн элчилерин жиберишет.

Хягас мамлекети жана Борбордук Азиянын жерлери Кытайдын курамына кирет.

Кыргыздар бай жана жөнөкөй көчмөндөр деп бөлүнүшкөн. Кыргыздар патриархалдык үй-бүлөлөрдө жашап, көп аялдуулук сакталып келген. VI-VII кк. мамлекеттин административдик-аскердик системасы калыптанган. Мамлекет башчысы *эльтебер* же *ажо* деген титулду алып жүргөн. Мамлекеттин территориясы *алты округка-баг*дарга бөлүнгөн. Алардын башында ири феодалдар *бек*тер турган. Ажонун алдында башкаруу аппаратында төмөндөгүлөр турган: *бойла* (вазир), *тутук* (элдик чиновник), *ага-төрө* (улуу чиновник), *тара-сангун* (аскер башчысы), *таркан* (жергиликтүү башкарунун өкүлү). Кыргыздардын уруу башчылары *эльтебер* же *тархан* титулдарын алып жүрүшкөн. Мамлекеттик чиновниктер *алты разряддан* турушкан. Аскер башында министрлер рангына кирген 20 жогорку чиновниктер турган. Салык жыйноо, сот, финансы ж.б. мамлекет иштер менен 15 жогорку кызматтагы адамдар иштешкен. Мамлекеттин калкы коңшу тоолуу аймактарда турган элдерди эсептебегенде жарым миллион адамдан турган. Аскери 80миң жоокерден турган. Эне-Сай Кыргыз кагандыгынын күч алган доору азыркы кыргыз улутунун улут болуп калыптануусу үчүн терең негиз салган феодалдык мезгил эле. Кыргыз кагандыгы уйгур кагандыгын талкалаган соң өзүнүн саясий түзүлүшүн иреттеп, бир системалуу бийлик аппаратын түзгөн. Байыркы кыргыз тилинде жазып калтырылган таштагы жазууга таянып, кытайлык тарыхчы А. Байтур Уйгур кагандыгын кыргыздардын каганы *Йаклакархан* аттуу адам болгон деген пикирди айтат. Улуу кыргыз дөөлөтүн каган башкарган. Каган орто кылымдарда түрк элдердеги мамлекет башчысына берилүүчү наам эле. Мамлекеттин саясий аткаруучусу жана аскер укуктарынын бардыгы кагандын колунда болгон. Кагандын орду уулуна (тегин, ханзаада), уулу болбосо, аялына, же болбосо инилерине мураска калчу. Тактап айтканда, кыргыздын салт-санаасы мураскорлук (династия) ыраааты башка түрк элдериникине окшош болгон. Кагандан кийинки экинчи орунда *мансап- буйрук* (кеңешчи) деп аталган. Ал киши кагандыктын акимчилик жумуштарын башкаруучу. Буйруктан кийинки орундагы мансаптар *бойла* андан кийин *йарган* деген наамдар менен аталган. Бойла өкүм бекитүүчү, йарган болсо өкүмдү аткаруучу мансаптар. Булардан башка кагандарга жардамдашып, аскер, укук маселесин кармаган *сангун (жанжун)* деген мансап болгон. Ошентип, каган, тегин, буйрук, байла, йарган, сангундар кагандыктын негизги ордо мүчөлөрү болуп эсептелген. Кагандыктын жергиликтүү мансаптагы башкаруучулары *тутук, таркан, бий (бек)* жана *түтүн* дегендерден турган. Тутуктар райондорду же чоң тайпаларды башкарууга жиберилген саясий бийлөөчүлөр болуп эсептелинген. Алар негизинен ханзаадалар же кагандын туугандарынан болгон. Таркан деген мансаптагылар тутуктарга окшош, кагандын райондорго жана тайпаларга жиберген аскер

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



башчылары эле. Таркандар менен тутуктар өздөрү башкарган райондор үчүн бардык маселелер боюнча кагандын алдында жооп берген (салык, аскер ж.б.). Алардан кийинки башкаруучу тепкичте бийлер (бектер),бийлердин кол астында түтүндөр турган. Бийлер чоң урууларды же бир нече майда урууларды башкарган. Түтүндөр болсо кичүү урууларды, же болбосо ондогон же жүз үй-бүлөнүн башчысы болгон. Ошол мезгилдерде кыргыздар түрк элдеринин ичинен сабаттуулары болгон да,өз жазуусун колдонгон. Х к. Түндүк Кытайда бир топ кыргыз жаштары билим алышкан. Алардын көпчүлүгү жогорку билимдүү болууга жетишип ,чет жердик хан сарайына кызматка чакырылышкан. Алсак, Тибеттеги будда дини жөнүндө кытайлык китеп жазуучу анда «Кыргыз өлкөсүнүн чакан элик үйүнөн» чыккан бир адам иштеген деп белгилеген. Улуу Кырыгыз дөөлөтүнүн өкүм сүрүүсү узакка созулган эмес. Х к. биринчи чейрегинде кыргыздардын негизги массасы талааларды калтырып, Саян кырка тоолоруна кайтышкан.Бул душмандын катуу аскердик кысым көрсөтүүсүнүн натыйжасында болгон эмес. Узакка созулган кан төгүлгөн согуштарда ансыз деле аз сандагы кыргыз эли каттуу жабыр тартышкан, анткени алар кеңири мейкиндиктерге таркатылып жиберилген. Бир бөлүгү Теңир-Тоого, бир бөлүгү Тибет жакка оогон, дагы бир бөлүгү өзүлөрүнүн эски ата журту – Эне-Сайга кайтып кетишкен. Андан сырткары Эне-Сайда дыйканчылык менен күн көрүшкөн элдин бир бөлүгү Борбордук Азиянын кургакчыл бөксө тоолоруна көнө алышкан эмес. Х к. кыргыздар Алтай менен Жуңгарияны Чыгыш Түркстандын оазистерине көзөмөлдүк кылуу үчүн плацдарм катары кармап турушкан.

**Адабияттар:**


1. Караев О. Арабские и персидские источники IX-XII вв. О кыргызах и Киргизии. - Ф.,1968.
2. Киргизия при Караханидах.Сб.статей. - Ф., 1983.
3. Кыргызы: Источники. Истрия. Этнография. - Б.,1996.
4. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана - Б.,1996.
5. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. - Б.,1998.
6. Борубашов Б.И., Галиева З.И. История государства и права Кыргызской Республики. Бишкек. 2003.